УДК 81’23

# ФЕНОМЕН СИНЕСТЕЗИИ (ОБЩИЙ ОБЗОР)

*К. Саматов*

Рассматриваются формы синестезии – хроместезия, мисофония, графемно-звуковые и акустико-тактильные, которые порождают в языке синестетические метафоры. Синестезия изучается в психологии как переход одного ощущения в другую модальность; в культурологии – гармония музыки и цвета; в цветоведении – своеобразное восприятие цвета; в литературоведении – неосинкретизм; в лингвистике – лингвистическая универсалия; в стилистике – звукосимволизм, метонимический эпитет/ассоциация; в антропоцентрической парадигме – ассоциативно-образное восприятие звуков. Вопросы синестезии исследуются в диахронно-синхронном аспекте.

*Ключевые слова:* психология; лингвистика; культурология; стилистика; антропоцентрическая парадигма; синестезия; синестемия; язык; художественная литература; синестетическая метафора/метонимия; неосинкретизм; лингвистическая универсалия; звукосимволизм; ассоциативно-образное восприятие звуков.

# СИНЕСТЕЗИЯ ФЕНОМЕНИ (ЖАЛПЫ СЕРЕП САЛУУ)

*К. Саматов*

Макалада синестезиянын хроместезия, мисофония, графемалык-үн жана акустикалык-тактилдик формалары тилдеги синестезиялык метафораларды жаратаары сыпатталат. Синестезия психологияда - бир сезимдин экинчи модалдуулукка өтүшү; маданият таанууда - музыка менен түстөрдүн шайкештиги; түс таанууда - түстөрдүн өзгөчө кабылданышы; адабият таанууда - неосинкретизм кубулушу; лингвистикада - лингвистикалык универсалия; стилистикада - үн символизми, метонимиялык эпитет/ассоциация; антроп борбордук парадигмада - дабыштардын ассоциациялуу-образдуу кабыл алынышы менен шартталаары диахрондук-синхрондук аспектте иликтенет.

*Түйүндүү сөздөр:* психология; тил илими; адабият/маданият таануу; стилистика; антроп борбордук парадигма; синестезия; синестемия; тил; көркөм адабият; синестезиялык метафора/метонимия; неосинкретизм кубулушу; лингвистикалык универсалия; үн символизми; тыбыштарды ассоциациялуу-образдуу кабыл алуу.

# THE SYNESTESIA PHENOMENON (GENERAL REVIEW)

*K. Samatov*

In this article the forms of synesthesia – chromesthesia, misophony, grapheme-sound and acoustic-tactile, which create synesthetic metaphors in the language are described. Synesthesia is studied in psychology as the transition of one sensation into another modality; in cultureology – the harmony of music and color; in color science – a peculiar perception of color; in literary criticism, neosyncritism; in linguistics – linguistic universality; in stylistics – sound symbolism, metonymic epithet // association; in the anthropocentric paradigm – associative- imaginative perception of sounds. The questions of synesthesia are investigated in the diachronic-synchronous aspect.

*Keywords:* psychology; linguistics; cultureology; stylistics; anthropocentric paradigm; synesthesia; synesthemia; language; literacy literature; synesthetic metaphor; metonymy; neoconcretism; linguistic universal; symbolism; associative-imaginative perception of sounds.

Оболу *синестезия* кубулушуна байланыштуу электрондук ресурстарга кайрыла кетели.

*Синестезия* – нейрологиялык көрүнүш жана анын ар кыл формалары белгилүү. *Графемалык-түс синестезия* – цифралар менен тамгаларды түс сезимдери (тамга, цифра, сөз + түс») менен кошо кабылдоо. Синестезиянын бул түрү кеңири тараган жана терең изилденген. *Лексика-даам синестезиясы* – оозеки жана жазуу кеби (кээ бир түстөр жана эмоциялар) адамда даам-жыт сезимдерин пайда кылат. Бул көрүнүш чанда гана жолугат. *Хроместезия* (фонопсия, акустика-түс синестезиясы, «түстүү + угум») – угулган тыбыштардын дароо түс образдарын жаратуусу. Белгилүү синестеттердин курамы да ар кыл: музыкант – Билли Жоэл, Ицхак Перлман, А. Фрэй; актриса – Стефании, ойлоп тапкыч – Никола Тесла, электромузыкант – Ричард

Жеймс, пианистка – Элен Гримо; ырчы обончу – Марина Диамонс.

Орус композитору, символист А.Н. Скрябин, француз акындары Артюр Рембо, Шарль Бодлер синестезия жаатында чыгарма жаратышса да, табиятынан синестет болушкан эмес.

*Мисофония* – турмуштук тажрыйбалардын натыйжасында кээ бир добуштарга кыжырдануу, неврологиялык өксүк [1].

Дүйнө элдеринин тилдеринде ар кыл сезимдердин ортосунда жаралган синестезиялар – метафоралар көбүнчө сырдуу бойдон калып келүүдө.

Метафоранын байыркы формасы Гомер менен Эсхилдин чыгармаларында, ошондой эле грек, латын, кытай, япон, хинди, иран, арап ж. б. тилдерде жолукканына караганда ал кандайдыр бир кокустук эмес, мыйзам ченемдүү көрүнүш деп бүтүм чыгарууга негиз бар: англисче *cold voice* – холодный голос, *piercing sound* – пронзительный звук, *loud colours* – кричащие краски; французча *couleur criarde* – кричащий цвет, италянча *colore stridente* – кричащий цвет [2, 279–280].

Чет элдик таанымал когнитивист психолог Р. Солсо синестезия кубулушуна аныктама бергенден соң, оюн төмөнкүдөй улантат: *« ... образ объекта может вызвать в воображении звук. У некоторых людей <...> способность перевода ощущения одной модальности в ощущение другой модальности чрезвычайно развита. <...> У многих людей отмечается одновременное переживание сенсорных явлений. Поэзия изобилует метафрами, основанными на синестезии»*. Р. Солсо буга төмөнкү сөз айкаштарын мисалга тартат: *шепот серых сумерек* (По); *звук надвигающейся темноты* (По); *закат парит подобно звуку золотых рожков* (Робинсон); *мир светится; каждый лепесток и паутина вибрирует музыкой* (Эйкен); *мягкий, но яркий свет, подобный спокойной музыке* (Шелли); *музыка внезапно открылась как светящаяся книга* (Эйкен); *ноты проникли в мою грудь как светящиеся стрелы* (Гутье); *музыка яркая, как душа света* (Суинберн); *серебряные иглы звуков дудочки* (Осландер); *рассвет пришел подобно грому* (Киплинг) [3, 351].

Орус тилиндеги *светлая тишина, сырая тишина, темный ливень, зеленый шум, изумрудные звуки, тёплые краски, тёплые чувства, острый вкус, адские звуки, блестящая игра на скрипке, кислый запах, сладкие звуки, кислый запах* сыяктуу сөз айкаштары семантикалык жактан эканжы ойго салары бышык.

Татар тилинде ар кыл сезимдердин ортосунда жаралган синестезиялар – метафоралык туюнтмалар: «көрүм + угум»: *яшел тавыш* «зеленый голос», *комеш тавыш* «серебрянный голос»; «даам + угум»: *ачы сюз* «горькое слово», *тозлы сюз* «соленое слово», *тэмсез сюз* «невкусное слово», *баллы тавыш* «сладкий голос», медовый голос»; «даам + жыт сезүү»: *тэмле ис* «вкусный запах»; «тери менен сезүү + угум»: *коры тавыш* «сухой голос», *сыек аваз* «жидкий звук», *йомшак тавыш* «мягкий голос», *салкын сюз* «холодное слово» ж.б.

Татар тилинде беш кабылдоонун биринин жана абстракттуу түшүнүктүн (эмоция) ортолорунда жаралган синестемиялар – тилдик кубулуштар: *ак бэхет* «белое счастье», *ак сагыш* «белая грусть», *кара сагыш* «черная грусть», *татлы хыял* «сладкая мечта», *ак телэк* «белое пожелание», *зэнгэр хыял* «синяя мечта», *кара уйлар* «черные мысли», *чуар тойгы* «пестрое чувство» ж. б. [4, 118–120].

Кыргыз тилиндеги синестезиялык метафоралык туюнтмалар: «көрүм + угум»: ак *шоокум, алтын//күмүш үн* «золотой//серебрянный голос»; *ак сөз* «честное слово»; «даам + угум»: *ачуу сөз* «горькое слово», *туздуу сөз* «соленое слово», *супсак сөз* «невкусное слово», *ширин үн* «сладкий голос»; «даам + жыт сезүү»: *даамдуу//кычкыл//ширин жыт* «вкусный//кислый запах»; «тери менен сезүү + угум»: *катуу//жумшак//назик добуш,* «көрүм + тери менен сезүү»: *боз салкын, көк салкын ж.б.*

Кыргыз тилиндеги синестемиялар: *ак//көк тилек, ак//кара ниет, ак// кара жолтой, ак эмгек// мал//кызмат//пейил//сүйүү; сары убайым//кайгы// санаа ж.б.*

Кыргыз кесипкөй жазуучулардын көркөм чыгармаларында жогоркудай көрүнүштөр арбын кездешет: *кырмызы жыт* (Барпы*), жашыл жылдар, ак айлар, жашыл күлкү, кызыл күлкү, эл санаага берген өң сары болуп саналат, чек коё албайм сары менен санаага, сары мага: сары ат чегип, сар боёгун салган сары араба, сан-сары «ачуу»* өңдөнүп, *сары – басынуу, көңүл чөгүү, дайра ак жыттанып, ак жыттуу ак дайрам, жашыл күү* (С. Эралиев); *сары салмак, саргарышып сагынычка ай жылдар, жашыл кез, жашыл жаштык, жашыл өмүр, сар сагынуу, ак кыялдай, сары суук, сары // ак шамал, жашыл шоокум, жап-жашыл сапар, жаан жакшылык жап-жашыл жаап турган, саргаайын деп бараткан сагынчыма, жашыл бакыт, сап-сары ооз сагыныч, апакай жумшак күтүү, ак күтүү, көк жашыл ырыскы, кызыл, кара, ак сөздөр* (О. Султанов).

***Психология.*** Синестезия кубулушу байыркы замандарда эле байкалса да, 18-кылымда гана илим айлампасына кирип, адегенде психологдордун көңүлүн бура баштаганы белгилүү. Р. А. Лу́рия (1874–1944), С.В. Кравков (1893–1951 ), С. Л. Рубинштейн (1889–1960), А.Р. Лурия (1902–1977) ж.б. психологдор бул жаатта иликтөөлөрүн жүргүзүшкөн.

Белгилүү психолог С.Л. Рубинштейн аталган феноменге толук кандуу аныктама берген:

«Дифференциация и специализация рецепто*ров не исключает их взаимодействия. Это взаимодействие рецепторов выражается, во-первых, во влиянии, которое раздражение одного рецептора оказывает на пороги другого. ... Взаимосвязь ощущений проявляется, во-вторых, в так называемой синестезии. Под синестезией разумеют такое слияние качеств различных сфер чувствительности, при котором качества одной модальности переносятся на другую, разнородную, – например, при цветном слухе качества зрительной сферы – на слуховую* [5, 220**].** А.Р. Луриянын «Курс по общей психологии» [6, 108] жана чоң психологиялык энциклопедияда да ушул эле сыяктуу дефиницияларды жолуктурууга болот [7, 424].

Татарстандагы «Синестезия: Прометей институтунун» илимпоздору (Б.М. Галеев, И.Л. Ванечкина, И.И. Блинов, Г.И. Сафина, И.Р. Абдуллин, И.Н. Чудновская, И.А. Трофимова, А.А. Овсянникова) бул кубулуштун табиятын, тил, адабият, искусство жана педагогикадагы өзгөчөлүктөрүн заманбап илимий методдор менен талыкпай изилдешип, анын бир топ маселелерин чечүүгө жетишкен.

Психолог Э.А. Кузнецова синестезия психологиялык кубулуш катары 18-кылымда эле белгилүү болуп, ушуга чейин физиологиялык, психологиялык, философиялык, кибернетикалык концепциялар жаралганы менен, бирдиктүү методологиялык принциптердин жоктугунан белгилүү бир теориялык жыйынтык жарала электигин белгилейт да, өзүнүн танапташ илим тармактарын жалгаштырган система-концепттик методун сунуш кылат: «синестезия» түшүнүгүнүн предметтик чектерин аныктоо; анын чет элдик жана ата мекендик илимде иликтениш тенденцияларын көрсөтүү; азыркы илим алкагында анын прикладдык аспекттерин негиздөө.

Синестезия модалдык байланыштарда жашайт жана тилде синестезиялык метафора катары көрүнөт, көркөм чыгармачылыкта (адабиятта, искусство салааларында) ар кыл милдет аткарат, анын жаралышын кеминде жети шарт – түшүнүктүн көп функциялуулугу, ассоциациялардын кросс-модалдуулугу (метафора, метонимия); синестезияны кабылдоочу эмоциялык абал, кептик түрмөктөрдүн байланышы, метафоралардын маанилик өзгөчөлүгү, сөз айкаштарынын орун алмашуусу, сөз түзүлүштөрүнүн бинардуулугу – камсыз кылат [8].

Синестезия кубулушунун жаралышына түстөрдүн кабылданышы: *кызыл* – жылуу, оор; *сары* – жылуу, жеңил, борпоң, кургак; *кызыл сары* – жылуу, борпоң, кургак; *сары жашыл* – салкын; *жашыл* – салкын; *көк жашыл* – суук, оор, тыгыз, нымдуу; *көк* – суук,оор, катуу, тыгыз, нымдуу; *кызгылт көгүш* – оор, катуу, салкын; *көгүш кызыл* – оор; ак – жеңил, борпоң; *боз* – катуу, оор; *кара* – катуу, оор; *кызыл күрөң* – жылуу, катуу, тыгыз; *сары күрөң* – жеңил, борпоң жана түстүк синестезиялар: *кызыл, кызыл сары* – кыйкыргыч, бийик; *көгүлтүр, көк, жашыл* – жай, тынч, басаңдаткыч түз жана кыйыр таасир бериши мүмкүн [9: 99–107].

***Маданият таануу.*** С.М. Эйзенштейн белгилүү советтик театр жана кино режиссёру, художник, сценарист, искусство теоретиги жана педагог өзүнүн «Вертикальный монтаж» (1940-41) аттуу эмгегинде музыка менен түстөрдүн шайкештиги байыркы замандан бери адистерди кызыктырып келе жатканын баса белгилеп, өзүнүн «Теория музыки глазной» аттуу чыгармасын мисалга тартат жана адамдын үндү түс аркылуу көрүү, ошону менен катар эле түстү үн аркылуу угуу касиети бар экендигин моюнга алат [10, 199–202].

Ю.В. Серебрякова диссертациялык эмгегинде 19-20-кылымдардагы орус поэзиясынын, музыкасынын жана живописиниин материалдарынын негизинде ***синестезия*** проблемасын маданий-тарыхый аспектте иликтеп, тыбыштын түстүк символикасынын, анын семиотикалык системалардагы түйүндүү маселелерин заманбап ыкмалар менен чечүүгө аракеттенет [11].

***Түс таануу.*** Таанымал түс таануучу Л.Н. Миронова синестезиянын табиятын 1) нервдердин өз ара таасирленүүсү; 2) «идеялардын ассоциациясынын» өзгөчө түрү; 3) сезимдердин алгачкы синкретизми шарттарын белгилейт [12, 190].

***Адабият таануу***. В.М. Жирмунский Россиядагы символизм В.А. Жуковскийдин чыгармаларында өзөктөнүп, Ф.И. Тютчев менен А.А. Фетке өтүп, В.С. Соловьевдин ырларында улангандыгын, андан соң аталган көрүнүш К.Д. Бальмонт менен А.А. Блоктун чыгармаларында жогорку бийиктикке жеткендигин жана жогорку акындардын ырларына үндөрдүн жана лирикалык маанайлардын стихиясы мүнөздүү экендигин тастыктаган. [13, 205–237; 142–204].

А. Белый «Мастерство Гоголя» аттуу изилдөсүндө жазуучунун чыгармаларындагы үн метафорасы туурасында: «Звуковая метафора жива у Гоголя; звукопись – ее порождение; ее след – обилие аналогий ощущений; со звуком: «глаза – с пением вторгаются в душу»; небо – «звучно раскинувшееся»; певучее население» и т. д.; всюду цветной, а также фигурный слух: «яркий крик», «густое слово»; «красный звон»; «в карманах звучала... возможность»; «яркий, как серебро, крик лебедя»; «толстый бас шмеля», видимая тишина», «острое пенье», «продолговатая растяжка» голоса, *«блистательная* песня»; «в глаза *выстрели*»; ряд других аналогии: «*кипят* достоинства»; «уста *прикипали*», *«легонькое* личико», *«острые* звезды»,

*«благвонное* море... музыки», *«больной* день», *«дышащая* нога» – деп жазган [14, 117–118].

Белгилүү адабият теоретиги С.Н. Бройтмандын пикирине таянсак, 9-20-кылымдардагы троптор классикалык троптордон айрымаланат, б. а., көркөм модалдуулук поэтикасында троптун образдуу тили жекеленип, татаалданып, образдар жана дүйнө көрүм сырдуу болуп калат. Эгер мурунку акындар үчүн шарттуу поэзиялык образ болсо, А. Фете, П. Верлен, Р.М. Рильке, Б. Пастернак, С. Есенин, Ф. Гарсиа Лорка ж.б.-лардын чыгармаларында табиятты жандандыруу метафора катары кабыл алынган эмес. Мисалы, А. Феттин: *«Дул север. Плакала трава, И ветви о недавнем зное, И роз, проснувшихся едва, Сжималось сердце молодое»* – деген саптарындагы *«плакала трава»* жамгырдын метафорасы эмес, болгону – акындын жаңы дүйнө көрүмү. С.Н. Бройтман өз оюн төмөнкүдөй улантат: *«И дело, конечно, не просто в возрастании интереса к архаическим формам художественного мышления: совершается преодоление рационалистического видения мира (с характерным для него акцентированием причинно-следственных связей между явлениями) и выход на особого рода неосинкретизм. Природа предстает, как и у Тютчева и Фета, живой и говорящей не на метафорическом, а на каком-то ином языке, но ее жизнь и язык не поддаются логике субъектно-объектных и причинно-следственных отношений»* [15, 276–277]. Жыттын түсү, үндүн денеси бар. Бул неосинкретизм А. Рембонун «Үндүүлөр» аттуу ырында даана чагылдырылган. С.Н. Бройтман өз оюн төмөнкүдөй жыйынтыктайт: *«Эти «другие законы» – законы неклассической вселенной и неклассической поэтики, предельно далекие от метафоризма и сближаемые поэтом с архаическим языком метаморфоз»* [15, 280].

Д.С. Ищенко кандидаттык диссертациясында белгилүү орус акыны В.Я. Брюсовдун чыгармаларындагы (Все напевы, Зеркало теней, Семь цветов радуги) фоносемантикалык жана түс-фоносемантикалык көркөм ассоциацияларды психолингвистикалык, компьютердик анализ жана филологиялык ыкмалар менен иликтеп, акындын образ жаратууда «үн – түс», ал эми эмоция жана маанайларды чагылдырууда «түс – эмоция» жуптарын чебер пайдаланганын ишенимдүү сыпаттаган [16].

***Лингвистика.*** Бул маселеге тилчилерден биринчи болуп И.А. Бодуэн де Куртенэ «К теории «слова как такового» и «буквы как таковой» аттуу эмгегинде кайрылган [17].

Фоносемантика боюнча таанымал илимпоз С.В Воронин: *«Психофизиологической основой звукосимволизма является (как это позволяет утверждать проведенное нами исследование) синестэмия (букв, «соощущения + соэмоции»). Под синестэмией мы понимаем различного рода взаимодействия между ощущениями разных модальностей (реже между ощущениями одной модальности) и между ощущениями и эмоциями, результатом которых на первосигнальном уровне является перенос качества ощущения»* [18, 120] – деген иш аныктамасын жетекчиликке алып, психофизиологиялык негиз синестезияны гана эмес, эмоциялык чөйрөнү да шарттаарын, үн козгогучтардын түс көрүмгө таасир этиши кишинин эмоциялык абалына байланыштуу өзгөрөрүн, б.а., акыркы компонент «сезүү – эмоция» оппозициясында медиатр кызматын аткарарын (кара түс коркунуч жаратат; бийик үндөр эмоцияны козутса, ичке үндөр аны басаңдатат; кант каниеттендирсе, ачуу нерселер кайгыртат ж. б.) илимий жактан далилдейт.

С.В. Воронин жогоркуларды баяндап келип, аталган көрүнүштөр синестезия терминине сыйбай тургандыгын белгилеп, синестэмия (кош сезүү + кош эмоция ) терминин сунуш кылат. Ал өтүмдүн (перенос) эки архетибин: анатомия-физиологиялык деңгелде – *эфаптикалык*; психофизиологиялык жана лингвистикалык деңгелде – *ассоциациялык* тибин ажыратат. Акыркы экөөнүн сенсордук типчесинде бир сезүү экинчи сезүүгө өтөт; сенсордук-эмоциялык типчесинде жалпы эмоциялык элемент кызмат кылат; эмоциялык типте сезүүнүн сапаты эмоцияга түз өтөт. Демек, эмоция компоненти синестэмияга же жардамчы компонент, медиатор же «сезүү > эмоция» өтүмүндө өзүнчө «акыркы» элемент катары катышат.

Синестэмия – лингвистикалык универсалиянын – үн мволизминин негизин түзгөн психофизиологиялык универсалия. Синестэмиянын кыймыл-аракет аймагы – сенсордук-эмоциялык чөйрө; ушул эле чөйрө – белгилүү бир даражада үн символдук лексиканын денотация аймагы [18, 129–130].

Илимпоз синэстемиянын кадыресе «метатили» жөнүндө айтып келип, белгилүү бир даамдар менен жыттар ширин сөзү, дабыш жана көрүм сезимдери «ширин» эпитети менен сыпатталары, «жылуу боёктор», «жылуу сезимдер – чувства», *острый вкус, сладкие звуки, блестящая игра на скрипке, кислый запах* сөз айкаштары алардын ортолорунда органикалык ички байланыштар бар экендигин далилдеп турарына токтолот.

А.П. Журавлёвдун эксперименттик иликтөөлөрдүн негизинде тилдеги сөздөрдүн тыбыштык формасынын маанилик теориясы туурасында кеңири сөз кылат [19]. Аталган теориянын – фоносемантиканын – калыптануусуна филолог, математик, психолог, сүрөтчү, акын жана кибернетиктер өз салымдарын кошушкан. Ушундан улам

илимдин жаңы салаасы – киберлингвистика жаралып, сөздөрдүн фоносемантикасы компьютер анализинен өткөрүлүп, поэзиялык туундуларды фоносемантикалык анализге алуу, айрыкча анын компьютер анализи жана үн-түс синтези өрүш алган. Артур Рембонун айтылуу «Үндүүлөр» ырын мисалга келтирип, өз алдынча үндүүлөргө эксперимент жүргүзүп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: *«А – густо-красный; Я – ярко-красный; О – светло-желтый или белый; Е – зеленый; Е – желто-зеленый; Э – зеленоватый; И – синий; Й – синеватый; У – темно-синий, сине-зеленый, лиловый; Ю – голубоватый, сиреневый; Ы – мрачный темно-коричневый или черный»* [19, 101–102]. С. Есениндин «Персия мотивдери», А. Вознесенскийдин «Васильки Шагала», А. Тарковскийдин «Перед листопадом», «Петровские казни», А. Блоктун «Гамаюн» ж. б. поэзиялык тексттердин негизинде «үн – түс» шайкештиктерин чебер иликтеген.

***Стилистика.*** Н.А. Кожевникова 20-кылымдын башындагы орус поэзиясындагы агымдардын – символизм, акмеизм, футуризм ж.б.-лардын тилине, асыресе, А.Блоктун чыгармаларына токтолот. Илимпоз 19-20-кылымдарда мындай көрүнүштөр – түз атоолор жана кыйыр шайкештиктер – адатка айланып, постсимволизмде түз маанилер менен троптор эквиваленттүүлүккө чейин жеткенин көрсөтөт [20, 16–17]. 20-кылымдын башындагы орус акындарынын жеке стилдерине предмет дүйнөсү кирип, ал өзгөрүп, конкретизация жана абстракция көркөм ойломдо катар жашаган. Айрыкча, символизм конкреттүүлүктөн алыстап, универсал мыйзам ченемдүүлүктөрдү – идеяларды – издеген. Символисттер идеяларды түз жана кыйыр туюнта беришкен. Абстракттуу сөздөр чыгармалардын атына кирип, алардын бир тобу затташкан сын атоочтор менен толукталып отурган, негизги маанини чагылдырган лексемалар көп жолу кайталанган, эпитеттер универсалдуулукка умтулуп, ар кыл зат атоочтор менен айкашкан, ойду түз туюнтуу кыйыр жол менен айкашкан, символ түрдүүчө маани алып, сөз мааниси көп өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн.

Символизмдин негизги белгиси каймана айтуу болгону менен, алардын поэзиясы ар кыл тексттерден турган жана өзгөчө троптор кеңири колдонулган, түз жана кыйыр маанилер жанаша жашап, табышмак метафоралар учурайт, троптор – салыштыруу, метамарфоза, метафора – түз мааниге ыкталган, троптор ар кыл жолдор менен айкашкан, троптор троптогу троп аркылуу татаалданган, компаративдик троптор бөлөк типтеги троптор (неба *синее горнило; стройная ночь* кипарисов; льют бриллианты *яркий яд; злые горсти* мух; *косматый свинец* облаков; неба *голубые степи; темно-лиловая душа* Февральской маленьой фиалки; *свежий гонщик* черных туч – о ветре; *сырой погонщик гна*л устало Невы двугорбого верблюда; Там солнце – *блещущий фазан* – Слетит, пурпурный хвост развеяв; Огонек Заползал *синей, жгучей пчелкою и т.д.*) жана оксюморондор менен жупташкан, компаративдик троптор паронимияны татаалданткан, стилистикалык ар кылкалык өрүш алган, экзотикалык сөздөр, славянизмдер, диалектизмдер, синонимдер, антонимдер, оксюморондор, эпитеттер, кайталоолор, контрасттык сөздөр басымдуулук орун алган [20, 18–20].

Стилистиканын белгилүү теоретиги В.П. Москвин [21] *зелёный шум, белый запах роз* сөз айкаштарын көркөм көркөм метонимиянын алкагында метонимиялык эпитет [96-б.], жылуу фигурасынын эналлага түрү (*запах белых нарциссов* > *белый запах нарциссов*) [175-б.] катары карайт. Н.А. Некрасовдун: «*Идет-гудёт Зелёный шум, Зелёный шум, весеннний шум!*» саптарын төмөнкүчө түшүндүрөт: « *... зелёный шум – это шум зелёных ветвей, зелёных деревьев, зелёной листвы. Словосочетание зелёный шум объединяет два смежных ощущения: зрительное и слуховое, словосочетание белый запах – ощущения зрительное и обонятельное. Такие связи между ощущениями именуют синестетическими»* [21, 175–176].

Илимпоз үн символизмине токтолуп, ага: *“Звукосимволизм представляет собой вид символизации, основанный на метонимическом ассоциировании звуков или букв (или, что более точно отражает специфику взаимодействия устной и письменной речи, «звукобукв») с включающими их словами, а следовательно, и с их содержанием* ” [21, 191] – деп, аныктама берип, мисалга буларды келтирет: [у] ассоциируется с «унынием, заунывностью» (В.М. Жирмунский); [р] – с грохотом, громом, рокотом, рычанием, а также его приблизительной имитацией средствами русского языка *(Р-р-р!)* и, соответственно, с «агрессивностью» (И. Фонадь); [х] «оценивается как плохой, хилый», [ш] – как шероховатый; [л] говорит «о чём-то бледном, голубом, холодном, плавном, лёгком», [н] – «о чём-то нежном, о снеге, небе, ночи», [м] – «о милом, мягком, о матери, о море», [д] и [т] – «о чём-то душном, тяжком, о тумане, о тьме, о затхлом», в [о] слышится «высокое, глубокое, море, лоно», в [а] – «широта, даль, океан, марево, размах», в [и] – нечто «близкое, низкое, стискивающее» (Евг. Замятин); А. Кручёных считает, что «всё неприятное русский язык выражает звуком «*ря»: дрянь, рябой.* … звук [и] – синий, [е] – зеленый (А. Белый), [б] – «звук твёрдый, звук берега, суши», [в] – «звук текучий, воздушный и влажный» (В.*Я.* Брюсов), звукобуква *я* – «ярко-красная»

(А.П. Журавлёв). В стихотворении В.Г. Руделёва «Звуки» перечислены «красное А», «синее И», «серебряное Р», [х] – «ласковый бархат», «Г из гладкой кожи», «коричневое К», «упругое, как резиновый мячик, зелёное У» [20: 191]. Илимпоз *синестезия* кубулушун үн символизминин белгилүү бир компоненти катары карайт. Анын оюу боюнча, сезимдердин жакындашуусу ар кыл органдар тарабынан кабылданган предметтерди окшоштуруу аркылуу ишке ашат: үн (угум) ~ *лёд* (тактилдик кабылдоо) > *голос, как холодный лёд* > *холодный голос* (угум + тактилдик ассоциация).

Мындай көрүнүштүн экинчи жолу – метономиялык ассоциация: жылышуу: *запах роз* (обонятельное ощущение) ~ *белые розы* (зрительное ощущение) > *запах белых роз* > *белый запах роз* (зрительные + обонятельные ассоциации); б) үн символизми: «мрачное, чёрное» [ы] (А. П. Журавлёв), «тёмное» [о] (К. Бальмонт) [21, 194].

Жогорку ойлорун баяндоо менен илимпоз синестезияны үндүк жана лексикалык эки деңгелдүү типке бөлөт жана алар психофизиологиялык факторго караганда, номинациялык негиз тарабынан шартталарына басым жасайт. Анткени жогоркулардын биринчиси метонимиялык, ал эми экинчиси жылышуу жана объекттерди окшоштуруу аркылуу вербалдашат, ошону менен катар эле үн символизминин лексикалык синестезия менен байланышы жок экендигин ырастайт [21, 194–195].

Л.П. Прокофьева кандидаттык диссертациясында А. Блок, К. Бальмонт, А. Белый жана В.Набоковдун идиостилиндеги үндүн түс символикасынын касиеттерин ачууга жетишкен [22].

*Антроп борбордук парадигма.* Л.П. Прокофьева монографиясында [23] жана докторлук диссертациясында [24] заманбап тил илиминдеги антроп борбордук парадигманын алкагында адамдын кептик мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, андагы ассоциациялык механизмди иликтөө маанилүү жана жемиштүү экендигин далилдейт. Тыбыштарды ассоциация-образдуу кабыл алуу ***синестезия*** механизми менен шартталарын, ар кыл сезимдерди жумуру кабылдоонун сырын ачууга жол ачарын, синестезия адамзатка тийиштүү категоризациянын тилге чейинки формасы экендигин, адам аң-сезиминдеги үн-түс ассоциациясы универсал, улуттук жана жеке компоненттерден куралып, жалпы дүйнө картинасынын тийиштүү маселелерин иликтөө чектерин кеңейтерин ишенимдүү сыпаттайт.

Жогоруда аталган эмгектерде тилдик аң-сезимдеги дүйнөнүн комплекстүү маалыматы, тыбыштын дүйнөнүн тилдик сүрөтүн ишке ашыруудагы орду, фоносемантика теориясынын негиздери, объекти, принциптери жана мыйзамдары, тыбыш символизми, синестезия, тыбыш-түс ассоциациясындагы аң-сезимдүүлүк, бейаңдык, полимодалдык перцепциядагы синергетикалык процесстер, түстүн универсалдуу теориясы (полимодалдык кабыл алуудагы психоэмоциялык негиз), түскө болгон реакциялар (физиологиялык, эмоциялык, коннотация-ассоциациялык, символдук), дүйнөнүн универсал лингвотүстүк сүрөтү, дүйнөнүн түстүк сүрөтүнүн тилде жана фоносемантикалын деңгелде чагылышы сыяктуу маселелер иликтенет.

Изилдөөлөр бир топ жазуучулардын чыгармаларынын негизинде жүргүзүлүп, аларда интермодалдык жалпылыктар – синестезиялык ассоциациялар бирдей эмес экендигин көрсөтүлгөн: алар биринчи топтогу сөз чеберлеринин чыгармаларында дээрлик жолукпайт; экинчилеринде (А.С. Пушкин, М.Ю. Лермонтов, У. Вордсворт, С. Кольридж, В. Скотт, Дж. Байрон, П.Б. Шелли, Ф. Купер, У. Ирвинг, Э. По; И. Анненский, В. Брюсов, А. Блок, Г. Иванов, М. Цветаева, А. Ахматова, Н. Гумилев, В. Ходасевич, В. Маяковский, Д. Джойс, М. Пруст, Ф. Кафка, Т. Эллиот, В. Вульф ж. б.) ассоциациялык метафоралардын чегинен чыкпайт; үчүнчүлөрүндө (К. Бальмонт, А. Белый, В. Хлебников, В. Набоков) жеке үн-түс шайкештиктери кенен чагылдырылан. Ал эми А.А. Блок синестезиялык шыгы болгондуктан, жеке түс концепциясын иштеп чыгып, аны чыгармаларында ырааттуу ишке ашырып отурган.

А.К. Свистова кандидаттык ишинде «сын атооч + зат атооч» тибиндеги айкаштарды иликтейт. Мында биринчи компонентти сезим органдарынан келген (көрүм, угум, даам, жыт, тери аркылуу сезүү) кабарларды туюнткан сын атооч, ал эми кийинкисин адамдын эмоциялык абалын сыпаттаган зат атооч курайт. Изилдөөнүн предметин синестезиялык метафоралардын семемалык типтери жана маанилери түзөт. Жогоркудай айкаштагы синестезия экинчи синестезия катары каралат. Изилдөөнүн материалы – 19-20-кылымдардагы орус жана немис акындарынын ырлары. Максаты – экинчи синестезия – жаңы маанилерди вербалдаштыруунун когнициялык механизми, полисемияны өнүктүрүүнүн өнүмдүү жолу (метафора. метонимия) экендигин, анын улуттук өзгөчөлөгүн аныктоо; синестезияны жараткан атоочтук айкаштардын семемаларын сыпаттоо.

Экинчи синестезиялык метафора поэтикалык кептин көркөмдүк касиеттерин жаңылап турарын, ал күтүүсүз образ жаратып, жалпы тилдик штамптарды жоюуга умтуларын, контекстте гана маанинин бул же тигил сүртүмү көрүнөрүн кенен материалдарга таянуу менен, ишенимдүү тастыктаган [25].

Жыйынтыктап айтканда, синестезия феномени – ар бир тилде жолуга турган тилдик кубулуш. Тилекке каршы, бул проблема түркологияда, анын

ичинде кыргыз тил илиминде ушул күнгө чейин илимий иликтөөлөрдүн айлампасына кире элек. Аталган тилдик кубулушту салыштырма-тарыхый, система-структуралык жана антроп борбордук парадигмалардын алкагында заманбап методдор аркылуу изилдөөгө мезгил жетти.

***Адабияттар***


1. Интернет ресурстары.
2. *Ульману С.* Семантические универсалии / С. Ульману // Новое в лингвистике. Вып. 5. М., 1970. С. 250–299.
3. *Солсо Р.* Когнитивная психология / Р. Солсо. СПб.: Питер, 2006. 589 с.
4. *Сафина Г.И.* Синестезия в татарском языке: «Прометей-2000» / Г.И. Сафина. Казань: Фэн, 2000. С. 118–120.
5. *Рубинштейн С.Л.* Основы общей психологии: в 2 т. Т. 1 / С.Л. Рубинштейн. М.: Педагогика, 1989. 488 с.
6. *Лурия А.Р.* Курс по общей психологии / А.Р. Лурия. СПб.: Питер, 2006. 320 с.
7. Большая психологическая энциклопедия. М.: Эксмо, 2007. 544 с.
8. *Кузнецова Э.А.* История изучения феномена / Э.А. Кузнецова. Казань, 2005. 193 с.
9. *Цойгнер Г.* Учение о цвете: популярный очерк / Г. Цойгнер. М.: Изд. лит. по строительству, 1971. 160 с.
10. *Эйзенштейн С.М.* Избранные произведения: в 6 т. Т. 2 / С.М. Эйзенштейн. М.: Искусство, 1964.
11. *Серебрякова Ю.В.* Проблема синестезии в культурно-историческом аспекте: на материале русской поэзии, музыки и живописи к. XIX – н. XX вв. / Ю.В. Серебрякова. М., 2004. 101 с.
12. *Миронова Л.Н.* Цветоведение / Л.Н. Миронова. Минск: Выш. школа, 1984. 286 с.
13. *Жирмунский В.М.* Теория литературы. Поэтика. Стилистика / В.М. Жирмунский. Л: Наука, 1977. 407 с. С. 202–203.
14. *Белый А.* Мастерство Гоголя / А. Белый. М.: ГИХЛ, 1934. 320 с.
15. *Бройтман С.Н.* Историческая поэтика / С.Н. Бройтман. М.: Академия, 2004. 368 с.
16. *Ищенко Д.С.* Фоносемантические и цветофоносемантические художественные ассоциации в поэтической речи: дис. … канд. филол. наук / Д.С. Ищенко. Краснодар. 2010. 139 с.
17. *Бодуэн де Куртенэ И.А.* Избранные труды по общему языкознанию. Т. 2 / И.А. Бодуэн де Куртенэ. М.: АН СССР, 1963, 392 с. – С. 243–245; *Воронин С.В.* Синестезия и звукосимволизм / С.В. Воронин // Психолингвистические пробемы семантики. М.: Наука, 1983. С. 120–131.
18. *Воронин С.В.* Синестезия и звукосимволизм / С.В. Воронин // Психолингвистические проблемы семантики. М.: Наука, 1983. С. 120–131.
19. *Журавлев А.П.* Звук и смысл / А.П. Журавлев. М.: Просвещение, 1991. 160 с.
20. *Кожевникова Н.А.* Словоупотребление в поэзии начала XX века / Н.А. Кожевникова. М.: Наука, 1986. 253 с.
21. *Москвин В.П.* Стилистика русского языка: теоретический курс / В.П. Москвин. Ростов н/Д: Феникс, 2006. 630 с.
22. *Прокофьева Л.П.* Цветовая символика звука как компонент идиостиля поэта: на материале поэтических произведений А. Блока, К. Бальмонта, А. Белого, В. Набокова: дис. … канд. филол. наук. / Л.П. Прокофьев. Саратов, 1995.
23. *Прокофьева Л.П.* Звуко-цветовая ассоциативность: универсальное, национальное, индивидуальное: монография / Л.П. Прокофьева. Саратов, 2007, 280 с.
24. *Прокофьева Л.П.* Звуко-цветовая ассоциативность в языковом сознании и художественном тексте: универсальный, национальный, индивидуальный аспекты: дис. … докт. филол. наук / Л.П. Прокофьева. Саратов, 2009. 388 с.
25. *Свистова А.К.* Синестезийная метафоризация как способ развития полисемии: автореф. дис. … канд. филол. наук / А.К. Свистова. Воронеж, 2012. 24 с.